# Жети-Өгүз районунун Саруу айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмеси

САРУУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО КҮНҮ 8-ОКТЯБРЬ 2023

## 7-мандаттуу №1 Саруу шайлоо округу (УШК №3191)



### Акматов Бактияр Амантурович

1986-жылы 15-ноябрда туулган
Билими: Жогорку. Жеке ишкер

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

1. Жергиликтүү бийликтин ишин көзөмөлдөө.

2. Айыл элинин соцалдык, экономикалык абалын жакшыртууга салым кошуу.

3. Ишкерликтин жаңы түрлөрүн айылга тартуу.

4. Жергиликтүү бюджетин туура пайдаланышын көзөмөлдөө.

5. Инвесторлор менен иш алып баруу.



### Акматова Самара Тентимишовна

1982-жылы 18-октябрда туулган
Билими: Жогорку.
Иштеген жери: Саруу айылы Ж.Чабалдаев атындагы орто мектебинде мугалим.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

Менин айылдык кеңешке депутат болуу максатым, эл менен тыгыз байланышта болуу менен элдин көйгөйүн жергиликтүү бийлик органдарына жеткирүү жана анын чечилүүсүн жакшы жолго коюу..



### Акпарова Назик Акпаровна

1991-жылы 8-февралда туулган
Билими: Жогорку.
Иштеген жери: Саруу айылы Ж.Чабалдаев атындагы орто мектебинде мугалим.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

1. Айыл инфраструктурасына айылдык бюджеттен акча өндүрөп, айылды көтөрүүгө жана конуштарга свет менен жолдордуу оңдоо маселеси.

2. Айыл жаштарына жана спорт жагына көңүл буруу.

3. Айылдагы элдерди жакшылыкка үндөп, ынтымакка чакыруу.



### Аламанов Кайрат Асанкадырович

1985-жылы 28-февралда туулган.
Билими: Жогорку.
Иштеген жери: Дыйкан чарба.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

1. Айыл ичиндеги жолдорду оңдоо жана жарыктарды орнотуу.

2. Арыктарды оңдоп, тосмолорду оңдотуу.

3. Суу системасын киргизүү.

4. Квартал сайын жасалган иштерге отчет берүү.

5. Долбоорлор менен иштөө.



### Алдашев Аваз Таштанбекович

1984-жылы 30-ноябрда туулган.
Билими: Орто.
Иштеген жери: Дыйкан чарба.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

1. Жергиликтүү бийликтин ишин көзөмөлдөө жана аларга жардам берүү.

2. Айыл элинин социалдык, экономикалык абалын жакшыртууга алым кошуу.

3. Ишкерликтин жаңы түрлөрүн айыл жергесине алып келүү.

4. Социалдак обьектилердин абалын жакшыртуу.

5. Жергиликтүү бюджетин туура бөлүштүрүү, көзөмөлдөө.



### Барыктабасов Сүйүмбай Жакшылыкович

1978-жылы 16-сентябрда туулган.
Билими: Жогорку
Иштеген жери: Убактылуу бош

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

Айылга инвестиция тартуу, колдо бар каражаттарды туура пайдалануу, адилеттүү бийлик орнотуу, айыл ичиндеги көйгөйлөрдү көтөрүү жана чечкенге аракет кылуу.



### Ибраева Үмүткөр Ишенбаевна

1963-жылы 6-октябрда туулган.
Билими: жогорку.
Иштеген жери: Жети-Өгүз районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгында башкы эсепчи.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

1. Айылдын бюджетин туура бөлүштүрүү жана аткарылышына көзөмөл көрсөтүү.
2. Аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларын бекитүү жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө.
3. Таза сууну, канализацияны ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиричилик калдыктарын чогултуу, ташуу, жок кылуу үчүн тарифтерди бекитүү жана ишканаларынын киреше бөлүгүнө көзөмөл жүргүзүп туруу.



### Кыдыкбаев Алтынбек Омурбаевич

1987-жылы 10-ноябрда туулган.
Билими: Жогорку.
Иштеген жери: ОсОО “Кызыл-Суу” транс фирмасында айдоочу болуп иштейт.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

1. Социалдык көйгөйлөрдү, ички жолдорду, көпүрөлөрдү, фельдшердик-акушердик пунктун, спорт тармагын, сугат суу маселелерин, келечек муундун толук кандуу билим алуусуна көмөк көрсөтүү.
2. Замандын талабына жооп берген мектеп имараттарынын, бала-бакчалардын курулушун чечүү максатында мүмкүнчүлүктөрдү издөө.
3. Эл аралык уюмдар жана фонддор менен иш алып баруу.
4. Айыл өкмөттүн бюджетин стабилдештирүү.



### Кыдыкбаева Нурида Байзаковна

1977-жылы 28-августта туулган.
Билими: Жогорку.
Иштеген жери: Саруу айылына караштуу Мамажан Ата атындагы “ Нур” бала бакчасында башчы болуп иштейт.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

1. Айылдагы жалпы абалга көңүл буруу жана келип чыккан маселенин убагында чечилишине салымымды кошом.

2. Айылдык жаштар уюму менен биргеликте маданий жана спорттук иш – чараларды ишке ашырууга көмөктөшөм.
3. Карылар жана инвалиддер коомдук, айылдык камкордукта болушуна көмөктөшөм.



### Молдоканов Кубан Эсенбекович

1986-жылы 20-июлда туулган.
Билими: Жогорку.
Иштеген жери: ОсОО «Инженер-Строй» ишканасынын жетекчиси.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

1. Жергиликтүү бийликтин ишин көзөмөлдөө жана аларга жардам берүү.

2. Ишкерликтин жаңы түрлөрүн айыл жергесине алып келүү.

3. Инвесторлор менен иш алып баруу.



### Токтонбаев Таалайбек Үсөнкадырович

1966-жылы 24-августта туулган.
Билими: Жогорку.
Иштеген жери: Саруу айыл окмотундогу жер фондусунун инвентаризациялоо жана трансформация иштерине контрактын негизине кызматта иштейт жана Жети-Огуз районундагы “Саруу-Орток” кооперативинин жетекчиси.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**
1. Айыл өкмөтүнүн аймагында айыл-чарбасында өндүрүлгөн товарларын сактоого жана кайра иштетүүгө, турган ишканаларды курууга долборлоорду жазып инвесторлорго сунуштап өткөрүү.

2. Жаратылышыбызга зыян келтирбегендей туризм тармагын өнүктүрүп, туристтерге ыңгайлуу шарттарды, эс алуу жайларын түзүү.

3. Айылдын жаштарын окууга, дене тарбиясын чыңдап спортко, исскуствого жөндөмдүү жаштарга колдоо көрсөтүп ,эмгекке тарбиялоо.



### Үлүшбаев Гүлжигит Муканбетович

1985-жылы 12-сентябрда туулган.
Билими: Жогорку.
Иштеген жери: ОсОО “Алтынкен” иш канасында жардыргыч.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

1. Айыл инфраструктурасына айылдык бюджеттен акча бөлдүрүп айылды көтөрүүгө жана конуштарга свет жана жолдорун оңдоо.

2. Жаңы үйлөнгөн жаштарга участок алып берүүгө жардам көргөзөм.

3. Айыл ичиндеги суу (таза суу) көйгөйүн чечүү.



### Үмөталиева Шайымкүл

1952-жылы 28-январда туулган.
Билими: Жогорку.
Иштеген жери: Пенсионер.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

Эл шайлаган айылдык кеңеш эл үчүн кызмат кылышы керек.Ушул ураан менен мен эл үчүн иштөө үчүн шайлоого барам. Эл айылдын көйгөйлөрүн чечүүгө катышууга толук укуктуу, бул үчүн биз ачык жана айкын иштешибиз керек.



### Чыныбаев Бакай Казыбекович

1985-жылы 26-майда туулган.
Билими: Орто.
Иштеген жери: «Кумтор Голд Компани» жабык акционердик коому, жардыруу кызматында бригадир

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

1. Фермерлик жана дыйканчылык багытта иш алып барууга инвестиция тартуу жана айылдык көйгөйлөрдү чечүү.

2. Эл аралык уюмдар жана фонддор менен иш алып баруу.

3. Айыл өкмөттүн бюджеттин стабилдештирүү.



### Шүкүров Данияр Акжолтоевич

1987-жылы 14-февралда туулган.
Билими: Жогорку.
Иштеген жери: Дыйкан чарба.

**Айылдык кеңешинин депутатынын кызмат ордуна талапкердин программасы:**

1. Өндүрүштөрдү көбөйтүү: техника жана станокторду алып келип иштетиш керек.

2. Жайыттагы маселелер: жолдордун жасалышы, көпүрөлөрдү тындатуу.

## ТАТЫКТУУЛАРДЫ ТАНДАП – ӨНҮГҮҮНҮ ТАНДАЙБЫЗ!